**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**
**ОШ ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫНЫН №4 ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

«28» апрель 2025-жыл

**КАРАЛДЫ:**
3.1.Ош эл аралык медициналык университетине кабыл алуу тартибин бекитүү жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

ОЭАМУнун Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Джумаев Р.М. сөз сүйлөп, университетке абитуриенттерди кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү колдонуудагы нормативдик-укуктук актыларынын негизинде иштелип чыккандыгын маалымдады.

Аталган тартипте кабыл алуу процесси, талапкерлерге коюлган талаптар, конкурстук негизде тандоо, ошондой эле электрондук каттоо жана кабыл алуу механизмдери аныкталгандыгы белгиленди.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү сунушталган кабыл алуу тартиби учурдагы талаптарга толук жооп берерин жана университеттин ишмердүүлүгүн укуктук жана уюштуруучулук жактан жөнгө салууда маанилүү документ экендигин белгилешти.

Аталган тартип абитуриенттерди тандоодо ачык-айкындуулукту камсыз кылууга, кабыл алуу процессин системалаштырууга жана билим берүү сапатын жогорулатууга багытталгандыгы айтылды.

Ошондой эле кабыл алуу процессинде санариптик платформаларды колдонуу, талапкерлерге маалымат жеткирүүнү жакшыртуу жана эл аралык талаптарга шайкеш келтирүү боюнча сунуштар берилди.

Каралган тартип университеттин стратегиялык өнүгүүсүнө жана эл аралык деңгээлде атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөрү белгиленди.

Башка ой-пикирлер жана сунуштар талкуулангандан кийин, сунушталган тартип Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү тарабынан **бир добуштан колдоого алынды**.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ош эл аралык медициналык университетине кабыл алуу тартиби **бекитилсин**.
2. Тартиптин талаптарын ишке ашыруу кабыл алуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Аткарылышын көзөмөлдөө окуу жана илимий иштер боюнча проректорго жүктөлсүн.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Джумаев Р.М.

Окумуштуулар кеңешинин катчысы Кочконбаева С.И.